# Ош областынын Өзгөн районуна караштуу №95 Таабалды Жоробеков атындагы орто мектебинин соц педагогунун 2021 – 2022 – окуу жылындагы аткарылган иштерине анализи

1. Мектеп жөнүндө маалымат.

| № | Мектептин жалпы окуучуларынын саны | Кыздардын саны | Балдардын саны | 0-класстын балдарынын саны | Кыздарынын саны | Балдарынын саны |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 177 | | | 15 | 5 | 10 |

| № | Мугалимдердин жалпы саны | аял | эркек |
|---|---|---|---|
| 1 | 17 | 14 | 3 |
| | Анын ичинен класс жетекчилер | аял | эркек |
| | 11 | 10 | 1 |

Окуу жылдын башталышы менен соц педагогдун бир жылдык иш планы түзүлүп, иштер аткарыла баштады.

Сентябрь айында мектеп окуучуларынын келип-кеткендери такталып, андан сон соц коргоого алынган жана алына турган окуучулардын тизмелери такталып соц паспорт түзүлдү.

Жыйынтыгында, мектеп ичинде соц коргоого алынган окуучулардын саны окуучуну түздү. Алар:

1. **Мектептин социалдык паспорту.**

- Бөксө балдардын саны- 0
- Жарым бөксө балдардын саны- 6
- Ажырашкан үй – бүлөнүн балдарынын саны - 6
- Аз камсыз болгон уй-булонун балдарынын саны- 2
- Турмуш шарты оор болгон уй-булолордун балдарынын саны-0
- Зордук- зомбулук коргон балдардын саны- 0

Сканировано с CamScanner

- Ата- энесинин майыптыгы бар балдардын саны- 0
- Инклюзив балдардын саны- 1
- Уйдо окуган балдардын саны- 1
- Миграниттын балдарынын саны- 15
- Эч кимдин козомолусуз калган мигранттын балдарынын саны- 0
- Бироонун карамагына таштап кеткен мигранттын балдарынын саны- 0
- Ички учетто турган балдардын саны- 0 анын ичинен кайсыл себептер менен учетко алынды?
- РИИБнун учетунда турган балдардын саны- 0 анын ичинен бейбаштык менен – кылмыш иши менен – атайлап зазлал келтируу менен- , Адам укугун бузуу менен - , мулкторго зыян келтруу менен- 0
- Опурталдуу топтогу балдардын саны- (группа риск)

**Профилактикалык кенешмеде каралган маселелер.**

Профилактикалык кенештин чогулушу өткөрүлүп,ата-энелердин окуучулардан, жашы жете элек өспүрүмдө менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлеринен кенешменин курамы түзүлүп, жылдык пландар бекитилди.

Ата-энелер менен класс жетекчилердин келишимдери түзүлдү. Жашы жете элек оспурумдор менен иштоо болумунун кызматкерлери мектеп окуучуларынын кылымыштуулукту, укук бузууну алдын алуу боюнча тушундуруу иштери жүргүзүлдү.

Мектепте ишеним почтасы уюштурулду.

Турмуш шарты оор балдардын, миграцияда ата-энелердин балдарынын үйүнө класс жетекчилер менен рейд жасадык.

8-9-10-класстарга “Рекетчиликтин себептери ” деген темада ангемелешүү жүргүздүк.

Кылымыштуулуктун алдын алуу боюнча ИДН кызматчылары менен биргеликте күндүзгү жана түнкү рейддер жүргүзүлүп, рейиддин жыйынтыктары администрациянын алдында линейкаларда талкууланып турду.

“Адам сатуу кылмыш!”- деген темада 9-10-класстарга лекция окулду.Адам сатуу-бул азыркы учурдун глобалдуу кылмыш экендиги тууралу кенири маалымат алышты.

Сканировано с CamScanner

“Зорук зомбулуксуз жашоо” деген темада 8-9-10-ата-энелер, окуучулар ,мугалимдер, ИДН кызматкерлери менен бирдикте иш чаралар өткөрүлүп ангемелешүү жүргүзүлдү.

Ошондой эле 8-9-10- класстар арасында “Эрте никеге туруу” боюнча Тажибаева Жаныпкан. тегерек стол өткөрүп, ушул тема боюнча түшүнүк берди, окуучулар менен ангемелешип, ойлорун угуп, суроолоруна жооп берди.

5-10-класстар менен “Биз диний экстремизимге каршыбыз” деген темада чогулуш өткөрүлдү. Айылдын имамы Батаев Алмазбек ага менен жолугушуу уюштурулду. Ал тируу диний агымдар боюнча маалымат берди.

Сентябрь айында кутурма оору боюнча окуучулар жат жазуу жазышты.

20-октябрда “Таза тиштер, ден соолуктун белгиси” деген темада айыл медайымы Жайнакова Нуркан эже лекция окуп,1-10-класска чейин окуучулардын тиштери текшерилип, кенештер берилди. Кариес,хриптакизм ( тукумда проблема), хранический танзилит, гастрит ушул ооруулар окуучуларда коп кездешкендиктен класс жетекчилерине ата-энелерине жеткирилуусу уктурулду.

Ноябрда Сарык оорусу боюнча жат жазуу жазышты. Класс жетекчилер окуучуларга лекция окуп,бул ооруу боюнча маалымат берди.

1-декабрь “СПИД кылым душманы ” деген темада иш чара откорулду. 5-11-класска чейин чон линейка откорулуп,айылдык ФАПтын мед.айымдары менен биргеликте класс жетекчилер тушундуруу иштери алып барылды. Ар бир класс ушул тема боюча плакат чыгарышып, плакаттарын коргоп беришти. Линейкада мед.айым лекция окуп берди. Окуучулар кенири маалымат алышып, сактануунун жолдорун уктуруп отту.

Январда аз кандуулук,грип боюнча жат жазуу жаздырылды.

Февраль айында Корона вирус оорусун алдын алуу боюнча мед.айымдын катышуусунда ата-энелерге жана окуучуларга түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Тарбия завуч, психолог жана класс жетекчилер менен биргеликте иштер жургузулуп келуудо. Окуучуларга тагырааак кылмыштуулукту алдын алуу боюнча ИДН менен биргеликте лекциялар окулду.

5-класстан 11-класска чейинки окуучуларга ден соолукка зыяндуу нерселерден алыс болуулару учун ар бир класска кирип окуучулардын чөнтөк, сумкаларын бир ирээт текшерип өттүк.

Көйгөй жараткан окуучулардын бири 8- классынын окуучусу Калдарбеков Шернияз катталган. Бул окуучубуз сабактан көп калат. Ушундан улам бул окуучу тууралуу иштер жүргүзүлө баштаган.

Сканировано с CamScanner

Мындан сырткары, 9 - класстын окуучусу Сакыева Үмүтай өзүн өзүнө кол салуу тууралуу окуучуларга айтып берген. Биз Сакыева Үмүтай менен сүйлөшүп, Үмүтайга моралдык жана материалдык жардам көрсөттүк. Бир окуучубуз ооруканага жатып чыкты, учурда ден-соолугу жакшы. Бул окуучулар мектеп ичиндеги учетко алынды. Класс жетекчисинин катуу көзөмөлүндө. Окуучулардын ата-энелери менен да профилактикалык иштер жүргүзүлдү.

Мектеп ичинде атайын окуучулар учун «Ишеним почтасы» ачылган. Эки жумада бир жолу бул «Ишеним почтасын» ачып, алардан келген каттар менен да иштейм. Тилекке каршы, окуучулардан даттануулар, өтүнүүлөр бул жолкуда түшкөн жок.

Класс жетекчилер менен биргеликтеп кээ бир койгой жараткан окуучулардын үйлөрүнө барып акт түзүп жатам.

10 – 11 - класстарындагы көйгөй жараткан окуучулар: Аттокуров Шумкар менен Назарбеков Байсалдын сабак учурунда өздөрүн алып жүрүүсү боюнча, тартип бузгандыгы үчүн мугалимдерден арыздануулар келип түшкөн. Бул окуучулардын ата – энеси менен сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп, учурда класс жетекчисинин катуу көзөмөлүндө турат.

Мындан сырткары, Алмазбек уулу Адахан, Абдыпазыл уулу Байгазы жана башка окуучулар да, мектеп тартибин бузгандыктан алар менен да мектеп админстрациясы менен бирдикте түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.Бул окуучулар класс жетекчилеринин катуу козомолундо.

Учурда бул каралган окуучулар сабактарына келип, тартип бузбай калышты десем жаңылышпайм.

ИДН менен биргеликте класстарга кирип, окуучулардын жаман жактарга барбоолоруна, ден-соолукка зыяндуу нерселерден алыс болууларына, кечкисин кочоолорго чыкпоолоруна, интернет клубдарга барбоолоруна, спирт ичимдиктерин колдонбоого тыюу салып,эскертүү иштерин жүргүздүк.

Декабрдын аягында соц коргоого алынган окуучулардын жалпы саны  деп такталды.

- Бөксө балдардын саны- 0
- Жарым бөксө балдардын саны- 6
- Ажырашкан үй – бүлөнүн балдарынын саны - 6
- Аз камсыз болгон уй-булонун балдарынын саны- 2

Сканировано с CamScanner

- Турмуш шарты оор болгон уй-булолордун балдарынын саны-0
- Зордук- зомбулук коргон балдардын саны- 0
- Ата- энесинин майыптыгы бар балдардын саны- 0
- Инклюзив балдардын саны- 1
- Уйдо окуган балдардын саны- 1
- Миграниттын балдарынын саны- 15
- Эч кимдин козомолусуз калган мигранттын балдарынын саны- 0
- Бироонун карамагына таштап кеткен мигранттын балдарынын саны- 0
- Ички учетто турган балдардын саны- 0 анын ичинен кайсыл себептер менен учетко алынды?
- РИИБнун учетунда турган балдардын саны- 0 анын ичинен бейбаштык менен – кылмыш иши менен – атайлап зазлал келтируу менен- , Адам укугун бузуу менен - , мулкторго зыян келтруу менен- 0
- Опурталдуу топтогу балдардын саны- (группа риск)

Мындан сырткары, соц педагогдордун семинарларына барып катышып келүүдөмүн.

Февраль айында кайрадан соц коргоодо турган окуучулардын тизмелери такталып, мектептен кеткендерди тизмеден чыгарып, жаны келген окуучулардын жашоо-шартын аныктап, тизмеге коштум.

ИДН менен биргеликте класстарга кирип, окуучулардын жаман жактарга барбоолоруна, ден-соолукка зыяндуу нерселерден алыс болууларына, кечкисин көчөлөргө чыкпоолоруна, интернет клубдарга барбоолоруна, спирт ичимдиктерин колдонбоого тыюу салып,эскертуу иштерин жургуздук.

Мектепте тартип бузган окуучулар менен профилактикалык иштер дагы дележургузулуп, класс жетекчилер менен бирге уйлоруно барып, жашоо-шарты тууралуу акт тузулуп, ата-энелери менен тушундуруу иштери жургузулуп келуудо.

Мындай тартип бузган окуучулар менен, жашоо-шарты начар болгон окуучулар менен, дегеле койгой жараткан окуучулар менен мектеп администрациясы жана класс жетекчилер дагы да болсо тыгыз байланышта иштейбиз деген умуттомун.

Сканировано с CamScanner